# И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын 2022-2023-окуу жылындагы тарбиялык иштеринин жылдык отчету

| № | Иш-чаранын аталышы | Өткөрүлгөн ыкмасы | убактысы | жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Мамлекеттик тил майрамына карата "Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун " атуу иш – чара өткөрүү** | " КРдин мамлекеттик тил жөнүндө" КРнын мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата "Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун" аттуу майрамдык кече өткөрүлдү. Кеченин жыйынтыгында жигердүү катышкан студенттер диплом менен сыйланышты.<br>Салтанаттуу иш – чараны И.Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын жамааты уюштурду.<br>Кечеде окутуучулар менен биргеликте ыр-күүлөр аткарылып, көркөм окуулар айтылып, комузда кол ойнотулуп, жогорку деңгээлде өттү. Аткарылган ар бир номерлер коноктордун жана көрүүчүлөрдүн терең арзуусуна татыды. | сентябрь | Кафедранын бардык окутуучулары |
| 2 | **Тил күнүнө карата "Тил улуттун –жаны" атуу көркөм окуу сынагын өткөрүү** | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы жана КРнын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата КРнын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Байсалов тарабынан бекитилген мамлекеттик тил күнүнө бир айлык жарыялоо жөнүндө" КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругун аткаруу алкагында "Кыргыз адабий чыгармаларын көркөм окуу" аттуу ЖОЖдор аралык фестиваль өткөрүлдү.<br>Фестиваль чет өлкөлүк студенттердин кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларын көркөм окуу аркылуу кыргыз тилине болгон кызыгуну арттыруу, кыргыз тилинин кадыр-баркын өстүрүү, чет өлкөлүк студенттерди өлкө, маданият менен тааныштыруу.<br>Бул фестивалга И.Раззаков атындагы КМТУдан кыргыз тили кафедрасынын доценти, п.и.к. А.М. Исираилованын жетекчилиги астында студенттер - ПИ-6-22-тайпасынын студенти Ким Юн Соп Бен Хен менен Изг-1-22- тайпасынын студенти Ганова Наталья катышып, жыйынтыгында Ким Юн Соп Бен Хен 1-орунду алып, жеңүүчү аталды. | Сентябрь-октябрь | Кафедранын бардык окутуучулары |
| 3 | **"Эң мыкты дубал гезит" сынагын уюштуруу** | 1- курстар арасында Мамлекеттик тил күнүнө карата дубал гезит сынагы өткөрүлдү. Сынакка активдүү катышышы. Жыйынтыгында ПМИ 1-22 тобунун студенттери жеңишке ээ болушту | сентябрь | Исмаилов А.Ү, Соронбаева З. |
| 4 | **12-декабрь адабият күнүнө карата жана Ч.Айтматовдун туулган күнүнө арналган "Айтматов дүйнөсү"** | 12- декабрь – Улуттук адабият күнү. Бул күн заманыбыздын залкары, адабиятка кайталангыс бурулуш жасаган улуу инсан Ч.Айтматовдун туулган күнү жана ат көтөргүс эмгек жасаган акын | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **аттуу сүрөт жана көркөм окуу сынагын өткөрүү. Социалдык тармактарга жүктөө.** | А.Осмоновдун коз жумган күнү катары белгилүү. Ушул адабият күнүнө карата КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын жааматы Чүй облустук Ш.Термечиков атындагы драмалык театрынын аткаруусунда Ч. Айтматовдун " Кош, Гүлсары!" атуу спектаклин студенттерге тартуулады.<br>Спектаклдин ачылышын КРнын Маданиятына эмгек сиңирген ишмери, жазуучу А.Пазылов жана койгон режиссер КР Эмгек сиңирген артисти Т.Касымалиев ачып беришти. | декабрь | Кафедранын бардык окутуучулары |
| 5 | **"Көп тилдүүлүк – ынтымакка жана өнүгүүгө карай жол" темасында дил баян сынагы** | Студенттер эне тил тууралуу дил баяндарды жазышып, мыктылары орундарга ээ болду. Дипломдор менен төмөнкүлөр сыйланышты:<br>1 - орун Кеңешова Аян (ХТК-3-22);<br>2 - Абдилмаматов Дастан (ПГС 2-22);<br>3 - Парпибеков Мелискан (ПМи -3-33). | 24.02.22. | Кыргыз тили кафедрасынын жамааты |
| 6 | **"Кыргыз тили – кымбатым" аттуу терегек үстөл уюштуруу** | "Кыргыз тили - кымбатым" аттуу терегек үстөл.<br>Тегерек үстөл Г.А. Курманбаеванын жетекчилиги астында Тоо-кен институтунда уюштурулду. | 26.02.22 | Кафедранын бардык окутуучулары |
| 7 | **"Нооруз майрамы" аттуу оюн-зоок кечесин уюштуруу** | И. Раззаков атындагы КМТУ тарабынан Нооруз майрамына байланыштуу чоң оюн-зоок кечеси уюштурулду. Кечени ушул окуу жайдын Кыргыз тили кафедрасынын жааматы жигердүү катышты. Бул иш-чара бир күн мурун сүмөлөк кайнатуу жөрөлгөсү менен башталган. Университеттин борбордук аянтчасында жасалгалуу боз үй тигилип, кызматкерлерге, студенттерге, жана конокторго сүмөлөк, кыргыздын улуттук тамактары жана башка даамдары тартууланды. | 18.03.22 | Кафедранын бардык окутуучулары |

**Кафедра башчысы** **А. Жумагул кызы**